| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ СУЗАК РАЙОНУ КЫЗЫЛ-ТУУ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ СУЗАКСКИЙ РАЙОН КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги жыйырма бешинчи сессиясы

ТОКТОМ № 25-1

Мундуз айылы 5-октябрь 2026-жыл

**Орто-Азия айылындагы № 13 А.Базаров атындагы орто жалпы билим берүү мектебинин жер аянты жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн жер комиссиясынын отурумунун 2026-жылдын 18-сентябрындагы № 4 протоколун, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 16-сентябрындагы чыгыш № 01-28/1588 сандуу катынын негизинде Кызыл-Туу айылдык кеңешинин айыл чарба, архитектура, курулуш, транспорт, экология жана өзгөчө кырдаалдар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 2-октябрындагы № 13 протоколун угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXV сессиясы токтом кылат:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Н. Садыковдун берген маалыматы эске алынсын.
2. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Орто-Азия айылындагы № 13 А.Базаров атындагы орто жалпы билим берүү мектебинин № 3972 контурунда жайгашкан 3-05-07-1012-0303 сыр белгисиндеги (идентификациялык кодунда) жалпы 1,51 га жер аянтынын 0,975 га жер аянтын - Алыш күрөшү спорт залына, 0,625 га жер аянтын - Улуу Ата Мекендик согушта кайтпай калгандардын эстелиги турган жайга, 1,35 га жер аянтын - № 13 А.Базаров атындагы орто жалпы билим берүү мектеби үчүн бөлүүгө макулдук берилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Абдурашидовго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кызыл-Туу айылдык кеңешинин айыл чарба, архитектура, курулуш, транспорт, экология жана өзгөчө кырдаалдар маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
5. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги жыйырма бешинчи сессиясы

ТОКТОМ № 25-2

Мундуз айылы 5-октябрь 2026-жыл

**Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 9 айынын жыйынтыгы менен жергиликтүү бюджетке түшкөн кошумча кирешелерди жана чыгашаларын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесине ылайык Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 29-сентябрындагы чыгыш № 01-23/1642, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 1-октябрындагы № 01-28/1659, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 5-октябрындагы чыгыш № 01-23/1677 сандуу каттарынын негизинде, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин финансы жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 5-октябрындагы отурумунун № 12 протоколун угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXV сессиясы токтом кылат:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Э.Жолдошованын 2026-жылдын 9 айынын жыйынтыгы менен жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча маалыматы эске алынсын.
2. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 9 айынын жыйынтыгы менен жергиликтүү бюджетке киреше салыктардан түшкөн 5668,0 миң сом, кайра бөлүштүрүү фондунун аренда жерлеринен ашыкча түшкөн 398,0 миң сом, кыймылсыз мүлк салыгынан 82,0 миң сом, роялти салынан 680,0 миң сом, жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүдөн 172,0 миң сом, атайын каражаттар эсебиндеги бала бакчалардын тамак-ашы үчүн ата-энелер төлөмүнөн 4800,0 миң сом кошумча түшкөн кирешелердин планы № 1-тиркемеге ылайык көбөйтүлсүн.
3. Кошумча кирешелер эсебинен № 1-тиркемеге ылайык көбөйтүлгөн 7000,0 миң сом акча каражаттары бюджеттик балансттуулугун сактоо менен № 2-тиркемеге ылайык бюджеттин чыгымдарынын бөлүмдөр жана беренелерине багытталсын.
4. 2026-жылга Талаа-Булак айылындагы К.Төрөмаматов атындагы орто мектептин футбол аянтчасы үчүн каралган 2000,0 миң сом акча каражаты зарыл болгон чыгымдарга багыты өзгөртүлүп, төмөнкү чыгымдарга жылдырылсын:
   - Талаа-Булак айылындагы К.Төрөмаматов атындагы орто мектептин имаратынын чатырын алмаштырууга 1400,0 миң сомго;
   - Талаа-Булак айылындагы “Балалык” балдар бакчасына арка курууга 350,0 миң сомго багыты өзгөртүлүп иштетилсин.
   - айылдардын ички жолдоруна куурларды орнотууга 100,0 миң сомго,
   - өзгөчө кырдаалдарды алдын алууга 50,0 миң сомго, Кара-Көл айылынын ичүүчү таза суусун (булактын) айланасын тосуп ондоого 100,0 миң сомго ЖКХ бөлүмүнө жылдырылсын.
5. Айыл өкмөтүнүн 10.08.2026-жылдагы № 01-9/192 буйругу менен көчмөндөр оюнун өткөрүү үчүн “Кербен жүрүш” иш-чарасына болгон чыгымдар үчүн жылдыруулар эске алынсын.

6. 2026-жылга жергиликтүү бюджеттин чыгымдарына тактоо киргизүү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Сузак райондук башкармалыгынан суралсын.
7. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Абдурашидовго жана Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Э.Жолдошовага милдеттендирилсин.
8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кызыл-Туу айылдык кеңешинин финансы жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
9. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**